БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА
УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ
ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ААОПО)

## №81 Кесиптик лицейин институционалдык аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиясынын корутунду отчету

**2026 - ж. 14 - 15.04.**

## Эксперттик комиссиянын курамы:

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:** Молдобаева Майрамкул Акматбековна
Т.Ибраев атындагы № 22 Кесиптик лицейи,
өндүрүштүк окутуунун устаты

**Комиссиянын мүчөлөрү:** Мукашев Бактыбек
Бишкектеги курулуш, архитектура жана менеджмент колледжи,
электротехника мугалими

Айбек кызы Айзада
Ж.Боконбаев атындагы орто мектеби,
математика жана информатика мугалими

**Референт:** Жээнбаева Ж.А..
ББПУАА, эл аралык иштер жана коомчулук
менен байланыштар боюнча менеджери

**1 - Стандарт. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты**

**Күчтүү жактары:**

1. №81 Кесиптик лицейде дуалдык окутуунун элементтеринин окуу процессине киргизилгендиги.

**Алсыз жактары:**

1. №81 Кесиптик лицейинин миссиясын иштеп чыгууда окуу жайдын уникалдуулугу жана анын максаттарына жетүү механизмдери эске алынган эместиги.
2. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу тутумун ишке ашырууда, контролдоодо жана кайра кароодо окуучулардын жана кызыкдар тараптардын катышуусунун так аныкталган эместиги.

**Сунуштамалар:**

1. 30.11.26-жылга чейин №81 Кесиптик лицейинин миссиясы окуу жайдын уникалдуулугу жана анын коюлган максаттарына жетүү механизмдерин эске алуу менен кайрадан каралып иштелип чыксын.

2. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу тутумун ишке ашырууда, контролдоодо жана кайра кароодо жыл сайын окуучулардын жана кызыкдар тараптардын катышуусу так аныкталуу менен ишке ашырылсын.

Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**2 - Стандарт. Адам ресурстарын башкаруу**

Стандарт 2 –аткарылып жатат

**3 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:**

1. №81 Кесиптик лицей тарабынан эки күнөскананын уюштурулгандыгы.

**Алсыз жактары:**

1. Кесиптик дисциплиналар жана жалпы орто билим берүү предметтери боюнча расмий жана кыргыз тилиндеги китептердин жетишсиздиги.
2. Окуу жайдын сайты кошумча маалыматтар менен толукталбагандыгы.
3. Жатаканадагы окуу кабинеттери ремонт иштерине муктаж экендиги.
4. Окуу жайдын жылуулук системасы жаңыртылууга муктаж экендиги.

**Сунуштама:**

1. Кесиптик дисциплиналар жана жалпы орто билим берүү предметтери боюнча кыргыз тилиндеги окуу китептери менен камсыз кылуу иш-чаралары системалык түрдө жыл сайын жыйынтыгын талкуулоо менен көзөмөлгө алынсын.
2. 30.12.2026 жылга чейин окуу жайдын сайты расмий жана мамлекеттик тилде кошумча маалыматтар менен толукталышы көзөмөлгө алынсын.

3. Жатаканадагы окуу кабинеттерине 3 жыл аралыгында ремонт иштери жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынсын.

4. Окуу жайдын жылуулук системасын жаңыртуу иштери бир жыл аралыгында ишке ашырылсын.

5. Эки жыл аралыгында окуу жайды заманбап техникалык каражаттар менен жаңыртылышы көзөмөлгө алынсын.

Стандарт 3 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**4 - Стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу**

**Күчтүү жактары:**

1. Эл аралык долбоорлор (GIZ, JICA, TIKA, АБР), жергиликтүү коомдук өнүктүрүү фонддору жана жергиликтүү бийлик органдары менен активдүү иш алып баруунун негизинде материалдык-техникалык базасынын чыңдалгандыгы жана ремонт иштеринин жүргүзүлүп жаткандыгы.

**Алсыз жактары:**

1. №81 Кесиптик лицейде бюджеттик каржылоо менен окуган группалардын өндүрүштүк окуу сабагын өтүүдө керектүү материалдардын өз убагында камсыз кылынбагандыгы.
2. Кошумча каржылоо булактарынын жоктугу (бардык иш-чаралар бюджеттик жана келишимдик каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт).

**Сунуштамалар:**

1. Тендерди өз убагында жүргүзүү менен өндүрүштүк окуу сабагын керектүү материалдар менен камсыздоо иштери ар жыл сайын жыйынтыктарын талдоо менен камсыздандырылсын.
2. Эки жыл ичинде каржылоонун кошумча булактарын табуу максатында кыска мөөнөттөгү төлөмдүү курстарды ачуу жана долбоорлорго активдүү катышуу менен каражат табуу иштери активдүү жүргүзүлсүн.

Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**Стандарттардын бааланышы**

Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 2 – аткарылып жатат
Стандарт 3 –жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**КОРУТУНДУ**

институционалдык аккредитациялоо боюнча тышкы баалоо жүргүзгөн эксперттик комиссия өзүнүн алдын ала жыйынтыктоо отчетунун негизинде
№81 Кесиптик лицейин
5 жылдык мөөнөткө аккредитацияланышын сунуштайт

**2026-ж. 15.04.**